# Басмырланган мугалимдерди ким коргойт?

Кыргыз билим берүү академиясынын 2016-жылдын 29-августундагы Окумуштуулар кеңешинин күн тартибиндеги биринчи маселе «Кыргыз билим берүү академиясынын тегерегинде түзүлгөн кырдаал жөнүндө» болду. Аталган маселе менен КББАнын вице-президенти С.О. Байгазиев тааныштырды. Ал Билим берүү, илим министринин орун басары Т.А.Ашымбаеванын колу коюлган документтин электрондук дарекке 19.08.2016-ж. келип түшкөндүгүн, анда 11.08.16-жылы «Кыргыз билим берүү академиясынын жоюлушу тууралуу» буйруктун (эмнеге негизделген документ же анын долбоорубу?) бар экенин билдирди. КББАнын жоюлушунун 4 себеби бар экендиги көрсөтүлгөн:

1. Коррупциялык көрүнүштүн бардыгы
2. Кызыкчылык конфликтин бардыгы (окуу китептерин чыгаруу, анализ жасоо)
3. Билим берүү сапатынын кескин төмөндөшү
4. КББАнын өз миссиясын аткара албагандыгы

Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү, профсоюздук комитет, КББАнын жалпы жамааты аталган маселе боюнча өз ой-пикирлерин билдиришти.

Мен дагы бул маселе боюнча өз карашымды көп жылдан бери бизге КББАга квалификациясын жогорулатууга жана кайра даярдоо бөлүмдөрүнө келип окуп кеткен билим берүү жамаатынын коюлуп келе жаткан ой пикирин, дооматын билдирмекчимин.

КББАнын жоюлушунун көрсөтүлгөн 4 дооматына бул тармакта көп жыл иштегендиктен жана Республиканын ар тарабынан квалификациясын жогорулатууга жана кайра даярдоо бөлүмдөрүнө келген билим берүү жамаатынын кайчылаш оюн жана илимий-педагогикалык изилдөөбүздөгү эксперименттерден, көп жылдык тажрыйбадан алынган натыйжанынын негизинде көз карашыбызды, позициябызды билдирүүнү туура таптык. Аталган 4 дооматты изилдөө,талдоо, эксперимент жүргүзүүнүн жыйынтыгында: **«Басмырланган мугалимдерди ким коргойт?» -**деген аталыштагы тема келип чыкты.

«Басмырланган мугалимдерди ким коргойт?» - деген аталыштагы теманын келип чыгуу себептеринин айрымдарын гана белгилеп, төмөнкүдөй жалпы мугалимдер жамаатын кордоонун, сыйлабоонун кээ бир далилдерин келтиребиз:

## I. ТЕМА Коррупциялык көрүнүштүн бардыгы жөнүндө:

Ооба, Кыргыз Республикасында билим берүү тармагына карата, анын иш-аракетине тоскоол болгон коорупциялык «белгисиз күчтөр» бар демекчибиз.

Ага далилдерди санайлы:

Билим берүү министрлигине караган мектепке чейинки балдар бакчаларынын, кээ бир мектептердин, ЖОЖдун жана орто окуу жайларынын имараттарынын менчикке сатылып кетти.

Сатылып кетип же «колунан келгендердин» имаратты тартып алуусунана улам, Билим берүү академиясына караштуу педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо бөлүмүнүн профессордук-окутуучулук курамы жана кесиптик чеберчилигин жогорулатууга келген жалпы билим берүү системасынын кызматкерлери канча жолу жөө-жалаңдап, (себеби ошол кезде атайын машина бөлүнгөн эмес) көчүп-конгон тарыхыбыздын далилдүү чындыгына кайрылсак:

1. 1-көчүү: Улуттук университетинин (Киев-К.Акиев көчөсү) жанындагы барак тибиндеги имараттан учурдагы Билим берүү, илим министрлиги жайгашкан имаратка (Тыныстанов- Фрунзе) көчүп келдик. Ал имараттын 1-2-кабаттары КББАга тиешелүү болуп, Республикадагы педагогикалык жамаат жана квалификациясын жогорулатууга жана кайра даярдоого келген жалпы билим берүү системасынын кызматкерлери ошол имараттан билимин, кесиптик чеберчилигин жогорулатып кетишчү. Ал тууралуу Республиканын ар тарабынан келип окуп кеткен мугалимдер күбө.
2. 2-көчүү: 1998-1999-жылдары ал имаратты бошотуу тууралуу буйрук болду (министр С.Ж.Токтомышев эле). Билим берүү институтунун Эркиндик көчөсүндөгү №25 имаратка аргасыздан жайгаштырышты. Бирок кызматкерлер менен угуучулардын санынын көптүгүнөн 1 кабинетке 2,3 кызматкер отура турган жерге 10дон ашкан адам отуруп иштөөгө туура келди.
3. 3-көчүү: Эркиндик №25 көчөсүндөгү имаратка батпагандыгынан №65 мектептин суук, караңгы жертөлөсүндө ыңгайсыз класстарда иштеп, окута баштадык. Ошентип, квалификациясын жогорулатууга жана кайра даярдоого келген педагогикалык жамаат жана профессордук-окутуучулук курамына **«белгисиз күчтөр»** тарабынан басмырлоо улантылды.
4. 4-көчүү: №65 мектептин имаратынын жертөлөсүнө да толук батпай №11мектептин имаратындагы алардан ашкан, ыңгайсыз, суук, караңгы класстарга көчүп барып, окутуу процесси улантылды.

5. 5-көчүү: Андан кийин Правда менен Москва көчөсүндөгү азыркы Кыргыз патент турган жайга көчтүк. Ал мурдагы университеттин кароосуз калган жатаканасы эле. Ошол жатаканада квалификациясын жогорулатууга келген республиканын педагогикалык жамааты жана кайра даярдоого келген студенттер окууга туура келди. Биздин профессордук-окутуучулар курамы жана квалификациясын жогорулатууга келген мугалимдер, дегеле, педагогикалык жамааттын ыйлаганына биз күбөбүз. Себеби, кароосуз калган жатаканада базардын «челноктору», ар тараптан келген үй-жайы жоктордун утурумдук баш калкалап турган жайы экен. Туалеттер иштебейт, адам чыдагыс сасык жыт мурунду жарат. Сынган, бүлүнгөн, кир эмеректер, чириген, сынган полдорго буттар кирип кетип жыгылган учурлар болгон. Ал имараттан чыккандан кийин биздин кийимибизге сиңип калган ал жыттардан, көчөдөгүлөр жийиркенип карап кетер эле. Бул көрүнүштөр азыр деле көз алдыбызда тартылып турат. Бул көрүнүш билим берүү жамаатын басмырлоонун дагы бир түрү эле.

Ошол кыйынчылыктын баарын жеңип, жетекчилик тарабынан оң дөп түзөө иштери жүргүзүлүп, биз ар бир аудиторияны жууп тазалап, кырып-жышып оңдоп-түзөп бүткөндөн кийин УЛУУ УРМАТТУУ, КАДЫРЛУУ, АКЧАЛУУ, БИЙЛИКТҮҮ **«белгисиз күчтөр»** Кыргыз патентине ал турак жайды берип салышты да бизди дагы кууп жиберишти.

6. 6-көчүү: КР педагогикалык жамааты кайрадан куугунтукка учурап, сүргүнгө Дордой жактагы №1 Широкая көчөсүндөгү мурдагы мугалимдердин ден соолугун чыңдоочу «профилактория» деп аталган турак-жайга көчүрүштү. Ал турак-жай мурда «Анадолу»түрк мектебине жана ар кимге ижарага берилгендиктен, дагы эле баягы кароосуз калган туалеттерден чыккан адам чыдагыс сасык жыт, сынган терезелер, бүлүнгөн раковина, унитаз, сынса да алар иштебейт, кир ж.б. терс көрүнүштөр кайра башталды.

Профессордук-окутуучулук курамы көчүп-конуп жүрүп, айласы кетип тарпы чыгып сынган эмеректерди, дидактикалык материалдарды, китептерди, конспектилерди кайрадан оңдоп-түзөп, окуу процессин баштадык. Кыйынчылыкка моюн сунбай дүйнөлүк билим берүү тармагындагы реформаны, жаңы технологияларды билим берүү жамаатына жеткирүүнү уланта бердик.

Бул көрүнүшкө чыдабай Кыргыз Республикасынын ар тарабынан келген мугалимдер жамааты «Сиздер мындай кордукка эмнеге унчукпайсыздар, биз ак үйгө барабыз»-деп ыйлаган учурлары болду. Биздин КББАнын жамааты: «Жаш Өлкөбүзгө жардам берели» ж.б. акыл-насаат кептерибиз менен токтотуп келе жатабыз.

Кыргыз Республикасынын ар тарабынан келген мугалимдердин ыйлагандыгын дагы бир себеби жана басмырлоо, кемсинтүүнүн дагы бир

көрүнүшү №1 Широкая көчөсүндөгү дарекке чейин автобустун жүрбөгөндүгү, ага баруучу жолдун жамандыгын сүрөттөсөк: өйдө-төмөн чыгып, түшө турган жолдогу сынган темир тепкичтер жана суудан өтө турган темир көпүрө коркунучтуу абалда болуп, айланы кетирип, өмүрдүн коопсуздугуна коркунуч болууда. Артыкча кышында тайгак-музда сынган темир тепкичтер менен өйдө чыгып, кайра ылдый түшүү жана темир тепкичтер, көпүрө аркылуу өтүү учурунда бир нече мугалимдер буттарын, колдорун сындырып, мээлери чайкалып жаракат алган учурларда тез жардамдар келип ооруканага алып кеткен далилдер бар. Ошондуктан биринчи эле келгенде мугалимдердин өмүр коопсуздугуна коркунучтун бар экендигин, андан сактануу чараларын айтып, кечигип калсаңар да, шашпай абайлап баскыла деген нускамаларды беребиз. Кышында паравоздун вагондорундай болуп жетелешип, эптеп жолго жетебиз. Бул өтмөктө кыштын күндөрү кечинде караңгы болгондуктан жана криминалдык чөйрө аңдып туруп жалгыз-жарым адамдарды тоногон учурлар кездешүүдө.

Республиканын ар тарабынан келген мугалимдер мындай кордукка кабылып, басмырлангандыгын айтышып, бизге доомат коюшат.

Биздин жетекчилигибиздин алынын жетишинче аракетинен улам №1 Широкая көчөсүндөгү имаратты учурда жакшыртып, шарт түзүп келе жатат.Бирок оңдоп-түзөө иштери бүтө элек, аны дагы улантуу керектиги көрүнүп турат.

Ошентип “белгисиз күчтөр” тарабынан **«Басмырланган мугалимдерди ким коргойт?» -** деген аталыштагы теманын келип чыгышынын кээ бир далилдерин аныктап берүү менен коррупциянын тамыры жогоруда саналган басмырланган мугалимдер жамааты менен бирдикте бөбөктөргө, жаш муундарга да жетип, алар да басмыранып жатышкандыгынын негизги далилдерин дагы улантабыз:

**«Басмырланган мугалимдерди ким коргойт?»** -деген аталыштагы теманын келип чыгышынын себебинин дагы бири 2014-жылдан бери жайкы эмгектик өргүү учурунда тынч эс алдырбай, «силерди жоготобуз, жоебуз, жаап салабыз» деген опузалоону баштан өткөрүп, “белгисиз күчтөр” тарабынан КББАнын жамааты басмырлоодон, психологиялык зордук-замбулуктан чыкпай келе жатабыз.

- Мугалимдерди, педагогикалык жамаатты студенттердин статусун төмөндөтүп, И.Арабаев атындагы университетке кошобуз» -деген сөздөрдү да айтып опузалашты.

Ошентип коррупциянын башында турган “белгисиз күчтөрдүн” бар экендигин анын тамыры кайда экендигин тиешелүү мекемелер тастыктайт деген үмүттөбүз.

Эскертүү: Бирок, бул фактыларды айтуу менен жалгыз эле мугалимдер жамааты коргоого муктаж болбостон, Билим берүү, илим министрлиги жана башка билим берүү жамаатынын бардыгы коргоого зарыл экендиги билинип эле турат. Билим берүү, илим министрлиги “белгисиз күчтөргө” туруштук бере алышпайт.

**Аталган маселеге** илимий негизде сереп салсак, КББАнын жамааты менен бир да жолу чогулуш, тегерек үстөл, жолугушуу уюштурулуп, КББАда болуп жаткан жетишкендиктер, мүчүлүштүктөр талкууланган эмес. Эгер мүчүлүштүктөр болсо, аны болтурбоонун, чечүүнүн жолдору анализденип, сунуштар берилген эмес. Жалпы жамаатта “белгисиз күчтөргө” “оңдоп-түзөлүп, иретке келип жакшыртылган Эркиндик көчөсүндөгү №25 имарат керек болуп жатса керек” - деген эл арасында ой пайда болуп, айтыла баштады.

**Корутунду**

Жогорудагы белгиленген коорупциялык көрүнүштөрдүн “белгисиз күчтөр” тарабынан болуп жаткандыгын жана КББАга коюлган 4 дооматтын төртөөнүн ар бирине токтолуп, аларга илимий сереп салып, натыйжада:

- Кыргыз билим берүү акдемиясына коюлган дооматтарга негиз жок экендигин тастыктоо менен аны далилдер менен бекемдедик. Демек, Кыргыз билим берүү акдемиясынын илимий-педагогикалык жактан негизделген, эксперименттен өткөн, тажрыйда колдонууга сунушталган системалуу иштерине туура баа берилип, жогоруда белгиленгендерге көңүл бурулуп, колдоо көрсөтүлсө, жалпы билим берүүнүн сапатын жогорулатууга мүмкүнчүлүк түзүлөт эле.

- Билим берүү тармагындагылардын баардыгы (катардагы бала бакча, мектеп, ЖОЖгы окуучудан мугалимден, Билим берүү, илим министрлиги) камкордукка, коргоого, колдоого өтө муктаж.

А.Атамбаев: «Кыргыз эли жокчулукка, ачкачылыкка, кыйынчылыкка чыдайт, бирок басмырлоого, намысын тебелөөгө чыдабайт дегендей» мындай педагогикалык жамаатка түзгөн терс мамиле акыры көтөрүлүүгө, митингге чыгууга, мугалимдердин иш таштоосуна, ата-энелердин толкундоосуна, стабилсиздикке алып келүү коркунучунда турат. Ошондуктан мындай мамилеге тез аранын ичинде чара көрүлүп, “белгисиз

күчтөр” тарабынан жүргүзүлгөн “диктовкаларды”, КР билим берүү тармагындагы терс көрүнүштөрдү токтотуп, педагогикалык жалпы жамааттын ырааттуу ишине бут тосууларды, басмырлоону, токтотсо деген ойдобуз.